Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№15 [17011] ИШЕМБИ, 23/05/2026

ТАШ МИЯШЕВ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ЖАНА ЖУРНАЛИСТИКАСЫНЫН ӨНҮГҮШҮНӨ САЛЫМ КОШКОН



4-бетте

“КЫРГЫЗ-АТА” МАМЛЕКЕТТИК ЖАРАТЫЛЫШ ПАРКЫ



5-бетте

Аалам аралаган адабият



2-бетте

Ардактуу агай “Ардактуу профессор” болду



2-бетте

МЕКТЕПТЕГИ ТАРБИЯ ПАЙДУБАЛЫ БАКЧАДАН БАШТАЛАТ



8-бетте

Улуттук валютага аяр мамиле кылуу жана эскилиги жеткен банкнотторду жана жүгүртүү монеталарды алмаштырууу

3-бетте

Илимий-практикалык конференция

Аалам аралаган адабият

Ош мамлекеттик университетинде улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун 100 жылдыгына жана академик Абдылдажан Акматалиевдин 70 жылдык мааракесине арналган “Аалам аралаган адабият” эл аралык илимий-практикалык конференциясы өттү.





Иш-чарага Ош шаарынын вице-мэри Масуда Айдарбекова, ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков, КР Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы адабият институтунун өкүлдөрү, коомдук жана саясий ишмерлер, Өзбекстандан келген окумуштуулар, маданият өкүлдөрү, ЖОЖдордун окутуучулары, студенттер катышты.

Мааракеде Абдылдажан Акматалиевдин өмүр жолу жана илимий ишмердүүлүгүнө арналган “А. Акматалиев – Айтматов таануучу” документалдык тасмасы көрсөтүлдү. Ошондой эле китеп көргөзмөсү, окумуштуунун жолун чагылдырган фотоэкспозиция уюштурулуп, университеттин алдында сахналык көрүнүштөр тартууланды.



Пленардык жыйында кыргыз адабияты, Айтматов таануу жана улуттук илимдин өнүгүшү боюнча баяндамалар окулду. Катышуучулар академиктин илимди уюштуруудагы ролу, байыркы орток түрк адабияты боюнча эмгектери, постсоветтик мезгилдеги улуттук адабиятты изилдөөнүн жаңы багыттары, Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы символикалык образдар, тил илими жана адабий байланыштар жаатындагы ордун талкуулашты.



Баяндамачылар Акматалиевдин кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө, Айтматов таанууга жана жаш окумуштууларды тарбиялоого кошкон салымын белгилешти. Конференциянын экинчи бөлүгүндө адабият таануунун маданияттар аралык мейкиндиктеги орду, азыркы тил илиминин актуалдуу маселелери боюнча секциялык иштер өттү.

Белгилей кетсек, Абдылдажан Акматалиев 1956-жылы Нарын шаарында туулган. Филология илимдеринин доктору, профессор, академик, “Даңк” медалынын жана III даражадагы “Манас” орденинин ээси. Ал 101 илимдин кандидаттарын жана докторлорун тарбиялаган. 1001 макала жана 74 китеп, жети ыр жыйнагынын автору.

К.Кыдыралиева.

Ардактуу агай “Ардактуу профессор” болду

Быйыл белгилүү окумуштуу, публицист, педагогика илимдеринин доктору, профессор Абдыкерим Муратов агайыбыз 70 жаштын кутман босогосун аттап жатат. Бул жөн гана мааракe эмес. Бул - кыргыз педагогикасынын, улуттук илимдин, адабият менен журналистиканын чоң майрамы. Анткени Абдыкерим Муратовдун өмүр жолу — өзүнчө бир мектеп, өзүнчө бир руханий дүйнө, өзүнчө бир тарых.

Жакында Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин (КӨЭАУ) Окумуштуулар кеңешинин чечими менен агайга “Ардактуу профессор” наамы ыйгарылды. Бул сыйлык агайдын 70 жылдык мааракесине арналган эл аралык илимий-практикалык конференцияда университеттин ректору, профессор Абдилбает Мамасыдыков тарабынан салтанаттуу түрдө тапшырылды. Бул саамалыкты кыргыздын руханий дүйнөсүнө кызмат кылган ар бир инсан чоң кубаныч менен кабыл алды.

“Жасалма интеллекттин башталыш доорундагы адабият менен педагогиканын орду. Муратовдук окуулар – 3” деп аталган конференцияга Кыргызстан, Казакстан жана Өзбекстан окумуштуулары, ректорлор, акын-жазуучулар жана агайдын шакирттери катышып, мааракe ээсинин педагогикалык жана чыгармачылык мурасы тууралуу жылуу пикирлерин ортого салышты. Конференциянын жүрүшүндө Абдыкерим агайдын 7 томдук чыгармалар жыйнагынын бет ачары өтүп, алгачкы нускалары ардактуу коноктorго белекке сунулду.



Конференциянын секциялык иштерине активдүү катышкан окумуштуулар жана мектеп мугалимдери арасында уюштурулган план-иштелмелер сынагынын жеңүүчүлөрү дипломдор жана баалуу белектер менен сыйланышты.

Журналистикадагы чоң мектеп

Менин Абдыкерим агай менен алгачкы тааныштыгым эл аралык “Zaman Кыргызстан” гезитинде башталган. Ал мезгил менин журналистика дүйнөсүнө жаңыдан аралашып, чыгармачылыктын сырларын эми эле үйрөнүп жаткан учурум эле.

Оштогу жаңылыктарды жазып жүрдүм. “Сен эми макалаларды жазып башта. Сага өзүнчө колонка берели, ошол жерге коомдогу орчундуу темалар боюнча такай көз карашыңды жазып тур. Сенин колуңдан келет” деп дем бергени дагы деле эсимде.

Менин алгачкы макалаларымды кылдат окуп чыгып, сүйлөмдөрдү оңдоп, көркөмдөп берип, кайрадан изденүүгө шыктандырып койчу. Ал бизге жөн гана макала жазууну эмес, аналитикалык ой жүгүртүүнү, тема табууну, кандай жазууну да үйрөттү.

Убакыт өтүп, чыгармачылык байланышыбыз илимий кызматташтыкка айланды. Педагогика багытындагы изилдөөлөрүмдө агайдын илимий жетекчи катары тереңдигин дагы жакындан көрдүм.

Абдыкерим Муратов жөн гана профессор эмес. Ал кыргыз билим берүү системасында өзүнүн өзүнчө мектебин түзгөн окумуштуу. Анын жетекчилиги алдында илимдин 5 доктору, 18 кандидаты жана 10 магистри даярдалган. Бул - илимге арналган өмүрдүн чоң жыйынтыгы.

Улуттук педагогиканын архитектору

Профессор Абдыкерим Муратов кыргыз педагогикасынын өнүгүшүнө зор салым кошкон инсан. Ал жалпы билим берүүчү мектептер үчүн кыргыз адабияты боюнча мамлекеттик программаларды жана V, VI, VII, XI класстар үчүн окуу китептерин даярдоого катышкан.

Айрыкча, анын этнопедагогика жаатындагы эмгектери өзгөчө баалуу. “Кыргыз этнопедагогикасы”, “Кыргыз эл педагогикасы”, “Бала тарбиялоодогу кыргыз керементи” сыяктуу эмгектери бүгүн мугалимдер менен студенттер үчүн негизги колдонмолордун бири болуп калды.

Агай кыргыздын элдик тарбия тажрыйбасын илимий негизде изилдеп, аны заманбап билим берүү системасына ийгиликтүү интеграциялай алган сейрек окумуштуулардын бири. Анын “Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы” аттуу фундаменталдуу эмгеги бүгүн да педагогикалык коомчулук үчүн баалуу булак катары кызмат кылып келет.

Көркөм сөздүн чебери

Абдыкерим агай илим менен бирге улуттук аң-сезимди ойготкон таланттуу жазуучу катары да таанымал калемгер. Анын “Рахманкул хан”, “Жылдыздар тараган таңдар”, “Алымбек датканын арманы” чыгармалары окурмандардын сүйүктүү китептерине айланып, тарыхка болгон кызыгууну күчөттү.

Устаттын улуулугу анын алган сыйлыгында эмес, тарбиялаган шакирттеринде, жазган эмгектеринде жана адамдарга жасаган ак кызматында экенин дал ушул агайдан көрдүк.

Урматтуу Абдыкерим агай! 70 жашыңыз кут болсун! Сиз тарбиялаган шакирттер, жазган эмгектер жана калтырган руханий мурастар дагы далай муундардын жолун жарык кыларына терең ишенебиз.



Тургунбай Алдакулов, журналист, агайдын шакирти.

Улуттук валютага аяр мамиле кылуу жана эскилиги жеткен банкнотторду жана жүгүртүү монеталарды алмаштырууу

Кыргызстандын улуттук валютасы – сомдун жүгүртүүгө чыгарылгандыгына быйыл 33 жыл толду. 1993-жылдын 10-майында республикабыз КМШ өлкөлөрүнүн ичинен биринчилерден болуп постсоветтик мейкиндикте өз валютасын киргизген. Ошол күндөн баштап улуттук валютабыз өзүнүн туруктуулугу, кооздугу жана коргоо белгилеринин сапаты менен байгелүү орундарды багындырып келе жатат. Ал эми Улуттук банктын Ош областтык башкармалыгынын акча жүгүртүү бөлүмүнүн башкы адиси Исманов Эрмек Марипжанович улам колдон-колго өтүп колдонулуп, жарактан чыгып же эскилиги жеткен нак акчалардын кийинки тагдыры кандай чечилип жаткандыгы тууралуу, сомубузга карата кандай мамиле кылуу керектигин жана эскилиги жеткен банкнотторду жана жүгүртүү монеталарды алмаштыруу тууралуу төмөнкүлөрдү айтып берди.



Кыргыз сому – бул коргоо элементтерге бай жана кооз валюта

Аны жаратуунун артында, банкноттун дизайнын иштеп чыгуудан баштап чыгаруунун акыркы этабына чейинки көп сандагы кызматкерлердин кылдат жана түйшүктүү эмгеги талап кылынат. Кыргыз сому 100 пайыз пахта буласынан жасалып, банкнотторду жасалмалоодон коргогон жана банкноттордун аныктыгын текшерүүгө мүмкүндүк берүүчү заманбап коргоо элементтерин камтыйт.

Нак акчанын тышкы көрүнүшү жана жалпы абалы ал жасалган материалдан же аны жасоо ыкмасынан, климаттык шарттардан гана эмес, көбүнчө калктын ага болгон мамилесинен жана акчаны колдонууга болгон жалпы маданияттан көз каранды. Сом беш миң жолу бүктөмгө туруштук берет. Төмөн номиналдагы (20, 50, 100, 200 сом) банкноттордун жашоо мөөнөтү 1 жыл болсо, ири номиналдагы банкноттор (500, 1000, 5000 сом) 2 жылдан 3 жылга чейин «жашайт». Ал эми монеталардын жарактуулук мөөнөтүнө келсек, алар сырткы көрүнүшүн жана формасын жоготпой, жок дегенде 10-15 жыл колдонууда жүрөт.

Нак акчанын жүгүртүүдөгү басып өткөн жолу

Банкноттордун жүгүртүлүшү Улуттук банктан коммерциялык банктарга, андан ары ишканаларга, уюмдарга жана жарандарга, андан кийин тескери тартипте: жарандардан Улуттук банкка чейин айланып, ишке ашырылат. Коммерциялык банктар өз кардарларынан кабыл алган акчаларын жараксыз жана эскилиги жеткен, деп бөлүп, андан кийин акчаны Улуттук банкка өткөрүп беришет. Улуттук банктын кызматкерлери ал акчаларды кайра эсептеп, андан ары жүгүртүүгө жарактуу банкнотторго жана эскилиги жеткен банкнотторго бөлүштүрүшөт.

Жүгүртүүдөгү банкноттор көптөгөн сыноолорду башынан кечирет жана ошондуктан бузулуу механизмдерине: тытылууга, өчүрүлүүгө, бүктөөгө жана бырыштыруурга туруштук берүүгө ээ болуусу керек. Мындан тышкары, купюралар ар кандай кислотанын эритмелери сыяктуу реагенттерге да туруштук берүүсү зарыл. Алар башка кагаздардай, күн нурунун, жогорку жана төмөнкү температуралардын таасири алдында бузулуп же өңү өчпөшү шарт. Анткени менен банкноттор көбүнчө туура эмес сакталгандыктан, жеке чарбаларда зыянга учурагандыктан, «сандыкка катылган» аманаттар чычкандардын жемине айланганда же нымдуу жерде сакталып көгөрүп кеткендиктен «жапа чегип» калат. Ал эми жыртылган банкнот транспортто же дүкөндө кабыл алынбай калганда, ал эркисизден тынчсызданууну жаратат. Бирок, бузулган же эскилиги жеткен банкнотторду каалаган коммерциялык банкта же Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында оңой жана акысыз өз номиналына алмаштырууга болот.

Жарактан чыккан акчанын ордун толуктоо

Жылына 40 тонна акча каражаттары жок кылынат. Акчаны чыгарууга кеткен чыгым анын номиналдык наркынан ашпайт жана аны чыгарууга бир топ каражат сарпталат. Эгерде банкноттор баштапкы көрүнүшүн жоготпостон, узакка жүгүртүлсө, чыгашаны кыскартууга мүмкүн болмок.



Өлкөнүн ар бир жараны банкнотторду гана эмес, металл монеталарды да сыйлап, аяр мамиле кылса, банкноттордун “өмүрүн узартуу” маселесин чечүүгө катышкан болоор эле.

Эгерде, колуңуздагы банкноттун аянтынын 80 пайыздан ашык көлөмү сакталса, анда Кыргызстандагы бардык эле коммерциялык банктарына барып аны 100 пайыз өз наркына алмаштырсаңыз болот. Ал эми аянтынын 50 пайыздан 80 пайызга чейинкиси сакталган банкнотту Улуттук банктын мекемелеринде алмаштырууга болот. Бул жерде белгилеп кетүүчү нерсе – банкноттун 51 пайыздан кем эмес аянты сакталса, анда банкноттун өз номиналына алмаштыра аласыз, банкноттун 50 пайыз көлөмү сакталса, анда банкнотту 50 пайыз номиналында алмаштырса болот. Мисалы, сиздин колуңузда 1000 сомдун жарымы эле болсо, аны 500 сомго алмаштыра аласыз. А эгер банкноттун аянтынын 50 пайыздан кем көлөмү гана калса, ал банкноттор алмаштырылбайт.

2025-жылы Ош областтык башкармалыгы тарабынан жарандардан 2,9 млн сомду түзгөн эскилиги жеткен жараксыз банкнотторун жана жүгүртүү монеталарын жарактууларга алмаштыруу боюнча иштер жүргүзүлгөн.

Улуттук банк зыянга учураган жана эскилиги жеткен банкнотторду жана жүгүртүү монеталарды төмөнкү тартипте кабыл алат:

- банкноттор жана жүгүртүү монеталар алмаштырууга жана экспертизага, анын аныктыгын жана төлөөгө жөндөмдүүлүгүн текшерүүгө жана экспертизанын жыйынтыгы жөнүндө анда белгилөөгө боло тургандай түрдө берилүүгө тийиш;

- банкноттун күйүп калгандан кийинки үбөлөнгөн чети, ошондой эле химикаттар менен иштетилген банкноттор экспертизаны жана алмашууну жүзөгө ашырууда купюралардын бөлүгүн жоготуп албоо үчүн скотч же желим менен чапталууга тийиш;

- жуулган жана нымдалып калган банкноттор, ошондой эле үзүндү фрагменттерден турган банкноттор жука ак кагаздын бетине бириктирилип чапталган түрүндө берилет. Эгерде, банкнот ар кандай банкноттордун бөлүгүнөн түзүлсө, анда ал бир нече өзүнчө банкнот катары каралат;

- жугуштуу оорулар тараган жерден түшкөн банкноттор экспертизага кабыл алынбайт жана Кыргызстандагы каратумоого (чумага) каршы станциянын адистери дезинфекциялык тазалоодон өткөрүүгө тийиш, тазаланып жана ал боюнча тиешелүү корутунду алынгандан кийин, дезинфекцияланган банкноттор экспертизага кабыл алынышы мүмкүн.

Банкноттун/монетанын төлөмгө жөндөмдүүлүгүнө экспертиза Улуттук банк тарабынан беш жумуш күнүнөн ашпаган мөөнөттө жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жогорудагы көрсөтүлгөн эскилиги жеткен, ар кандай жагдайлардан улам жараксыз абалга келген банкнотторду жана кемтиги бар, жешилген жүгүртүү монеталарын төмөнкү даректер боюнча иш күндөрү саат 9:00дөн 15:00 гө чейин алмаштырып берүү ыңгайын сунуштайт:



Башкармалыктардын аталышы	Дареги
Борбордук аппарат	Бишкек ш., Т.Үмөталиев атындагы көчө 101
Ош областтык башкармалыгы	Ош ш., Курманжан датка атындагы көчө 119
Нарын областтык башкармалыгы	Нарын ш., Жамгырчы уулу Абас атындагы көчө 6
Ысык-Көл областтык башкармалыгы	Каракол ш., Токтогул атындагы көчө 265
Жалал-Абад областтык башкармалыгы	Манас ш., Эркиндик көчөсү 13
Талас областтык башкармалыгы	Талас ш., Бердике баатыр атындагы көчө 291

Белгилей кетчү нерсе, коммерциялык банктар эскилиги жеткен акчаларды жарактуу акчаларга алмаштыруу менен бирге бир номиналдагы банкнотторду жана жүгүртүү монеталарды башка номиналдагыларга чектөөсүз, акысыз алмаштырууга милдеттүү.

Коммерциялык банктарда зыянга учураган банкнотту/ жүгүртүү монетаны алмаштыруудан же бир наркдагы жарактуу банкнотту/ жүгүртүү монетаны башкасына алмаштыруудан мыйзамсыз баш тарткан учурда, коммерциялык банктар Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 300-беренсине ылайык жоопкерчиликке тартылат.

Бардык кызыктырган суроолор боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Ош областтык башкармалыгына кайрылсаңыздар болот.

Дареги: Ош шаары, Курманжан Датка көчөсү, 119. Байланыш телефондор: (03222) 4 83 82, 4 84 29.

Жазып алган, К.Кыдыралиева.

Акын, жазуучу жана публицист Таш Мияшевдин туулгандыгынын 95 жылдыгына карата

КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ЖАНА ЖУРНАЛИСТИКАСЫНЫН ӨНҮГҮШҮНӨ САЛЫМ КОШКОН



ӨМҮР ТАРЖЫМАЛЫНАН

Таш Мияшев акын, жазуучу катары гана кыргыз адабиятына кирбестен, журналистика илиминин калыптанышына дагы өтө зор салым кошкон, көзү тирүү болгондо быйыл 95 жашка чыкмак.

Таш Мияшев Кара-Суу районунун Папан кыштагында 1931-жылы 22-майда туулган. 1933-жылы атасы каза болуп калат, жаш жесир калган апасы турмуштун оор капшабына кабылып, эки уулун жетелеп конуп-көчүп жүрүп болочок жазуучу мектеп жүзүн кеч көрөт. 1941-жылы Ата Мекендик согуш башталганда ал үчүнчү класста эле. Айылдагы ишке жарактуу эркектер согушка аттанышып, колхоз иши кары- картаңдарга, кабыргасы ката элек балдарга калат. 4-класста окуп жатканда колхозго ишке тартылып, табелчиликте иштейт. Согуш аяктагандан кийин апасы окуп, билим алышына далалат жасап, баласын Ошко окууга жиберет. Жети жылдыкты бүткөн күбөлүгү жок төртүнчү классты чала окуган боюнча Ош шаарында 8-бир класс ачылып, ошондо окуп калат.

Ошентип 1948-жылдан 1951-жылдары окуусун Ош шаарындагы мектептен улап, бүткөн соң, облустук “Ленин жолу” гезитинин өз кабарчылык кызматында иш жолун баштаган. 1967-жылы Ош педагогикалык институтун бүтүргөн соң, 1969-жылга чейин Москвадагы М. Горкий атындагы адабият институтунда билим алып, окуп бүтүргөн соң, “Кыргызстан маданияты” гезитинин Ош облусу боюнча өз кабарчысы кызматты аркалай баштайт.

1971-1975 -жылдары облустук телерадио комитетинин төрагасы, 1976-жылдан облустук “Ленин жолу” гезитинде адабий кызматкер, 1987-жылдан баштап “Кыргызстан маданияты” гезитинде өз кабарчысы болуп иштейт. Таш Мияшев 75 жаш курагында, 2006 -жылы каза болгон.

Таш Мияшев өмүрүндө да, чыгармачылыгында да жөнөкөй жана сыймыктуу жолду басып өттү. Таш Мияшев Ленин жолу” гезитине өз кабарчылык кызматына алынат. Мына ошол жерде анын чыгармачылык шыгынын учкундары пайда болот. 1952-жылы “Кызыл Кыргызстан” (азыркы “Кыргыз Туусу”) гезитинде анын “Коммунизм семафору” деген алгачкы ыры басылып чыгат. Ошонон баштап анын ырлары, поэмалары республикалык, облустук гезит-журналдарга жарыялана баштайт. 1966-жылы биринчи “Түңгуч күү” ырлар жыйнагы, 1968-жылы “Махабат менен коштошуу” повести жарык көрөт. Автордун “Махабат менен коштошуу” чыгармасы 1998-жылы Ош драмтеатрында коюлду. Акындын 1969-жылы “Комиссар” даректүү китеби, 1971-жылы “Керме-Тоо” ырлар жыйнагы, 1980-жылы “Дарыя күүсү” ырлар жыйнагы, 1982-жылы “Өлбөстүкө таазим” повести, 1984-жылы “Алтын аймак” ырлар жыйнагы, 1987-жылы “Аталар жолу” даректүү китеби, 1995-жылы “Ак-Буура ыры” ырлар жыйнагы, 2000-жылы “Ош кербез” аттуу ырлар жыйнактары жарык көрөт.

Таш Мияшевдин ырларына көп обончулар обон жазган. “Кайыкта” (обону Э.Талиповдуку), “Жазым келчи” (обону Ж.Мамажановдуку), Жеңишбек Шамшиев “Күн шериги жердики” жана “Сен турмушта поэмадан үзүндү” деген ырларын обонго салса, Исрадин Аманбаев “Жолугалы Ак-Бууранын боюнан” атуу ырына, ал эми залкар обончу Токон Эшпаев “Керме Тоонун кыздары”, “Чаткалым” деген ырларына обон чыгарган.

Кыргыз адабиятындагы 50-60 -жылдардагы муундун бири акын Таш Мияшев жыйырмадан ашык китептин автору болуп, окурмандарга эчактан аты тааныш Таш ава калемгерликте “эки тизгин бир чылбырды” кармап, акындык менен кошо журналисттик кесипке да бүт өмүрүн арнаган киши болгон экен. Акын, жазуучу Таш Мияшевдин өмүр баянында жазуучулук жолунун башталышы ушундайча баяндалат.

Таш Мияшев атабызды тирүү кезинде көрбөй калдым, 2015-жылы кичүү баласы Акынбек менен таанышкан соң, акын атабыздын чыгармачылыгына кызуум артты. Жаш мезгилде ырларын окуп, обондуу ырларын угуп, повесть жана публицистикалык чыгармалары менен тааныш болгонубуз менен, түздөн-түз баарлашып отурганга насип кылган эмес экен.

Акын эжебиз Бактыгул Чотурованын 2003-жылы 21-24 марттагы “Кыргыз Туусу” гезитинин №20 санына жарыяланган “Карылыктын да өзүнчө ышкысы бар” аттуу Таш атабыздын тирүү кезинде баарлашкан макаласы жарык көргөн экен. Андагы суроо -жооптор ар бир адамды кайдыгер калтырбайт. Таш атабыздын үзөңгүлөш досторуна, жаңыдан чыгармачылыктын татаал жолдорун басып келе жаткан чыгармачыл инсандарга болгон көз карашы, журналистика боюнча айткан таасын ойлору адамдык парасаты бийик, бирөөнүн ийгилигине жаш баладай сүйүнгөн портрети накта көрүнүп турат.

Таш атабыз өзү Ошто жашаганы менен ар дайым борбор калаага келип достору менен чер жазыша сырдашып кетмей адаты бар экен. Көбүнчө досу Жалил Сыдыковдукуна барчу экен. Акын эжебиз Бактыгүл Чотурованын суроолоруна жооп берип, чыгып келе жаткан акын жигит-кыздардын эмгектерине суктанып айткандары ичти жылытты. Ошол убакта Кожокелди Култегиндин чыгармачылыгын жогору баалап, жадакалса акындык классы бар деген жогору баа берген экен. Акын кыздар Тазагүл Закирова, Зинакан Пасаңова жөнүндө бир канча жылуу сөздөрдү айтып ой бөлүшүптүр. Бул, Таш атабыздын ар бир ыр дүйнөсүнө кирген акын, жазуучулардын чыгармачылыгына көз кырын салып,





жакшы чыгарманы жакшы экен деп айтуунун өзүндө кең пейилдик менен жаштарга калыс кебин айткан аксакалдарыбыздын камкордугу эмей эмне.

Таш атабыз достукка бекем, тирүүлөрү менен баарлашып, көзү өткөндөрүн эстей жүрчү дешет. Акын эжебиздин “көзү өтүп кеткен калемдеш досторунуздан кимди эскерээр элеңиз” деген соболуна: “ чыгармачыл достордун тарых- таржымалы, кыргыз адабиятынын тарыхы деп, калеми калемпир, куйкум сөзү кулактын кычуусун кандырган Жапаркул Алыбаевди, Мукамбеткалый Турсуналиевди, чоң жазуучу Сагындык Өмүрбаевди, Ысмаил Эшмамбетовду, Тургунбай Касымовду эскерген экен жарыктык.

Таш атабыз 1951-жылдан баштаган журналисттик кесибин көзү өткүчө таштаган эмес. Акын эжебиздин: “гезитте иштегендер жеке чыгармачылыкта көп жетишпей калат дегенге кандай карайсыз” деген соболуна мындайча жооп бериптир. -Ага мен ишенбейм. Анткени мен өмүр бою басма сөз жаатында иштедим. Журналисттик кесип тоскоол болгон жок, тескерисинче мага пайда берди” деген экен. Көзү тирүүсүндө чыгармаларын чогултуп, үч томдук чыгарып өз колу менен атабыздын ысымын алып жүргөн Ош шаарындагы балдар китепканасына тапшырган экен. 1951-жылдан башталган публицистикалары, жол очерктери бул томдука кирбей калыптыр. Ошондуктан атабыздын ар жылда жарыяланган макалаларын чогултуп жарыялоо келечектин иши деп эсептейм.

Таш атабыздын поэзиясында эң башкы, жалпы багытын аныктоочу белги-өз жерин, элин ырга кошуу, патриоттук сезим. Ош жергесин ырга кошот. Анын “Туулган жер” деген ырында:

Папаным, топурагыңдан бүткөн белем,
Өзүңдөн бөлүнгүсү келбейт денем.
Ат чабым баш-аягың болсо дагы,
Ааламдын жартысындай көрөм кенен.

Бул ырда эмне деген теңдештирүү, болгону ат чабымга созулган аянтты ээлегени менен, акын үчүн туулган жер ааламдын жарымындай туюлат. Акындын “Көрдүң беле Оштун үстү Папанды” деген ырында:

Кубат алып жазгың келсе капаңды,
Курорт издеп алыс тартпа сапарды.
Отпускаңда он күн келип көрүп кет,
Оштун үстү кереметтүү Папанды.

Ошту экинчи Мекке катары кабыл алып, Ош жөнүндө өз ойлорун ыр саптарында берип жүрүп отурат. Ошту токчулуктун символу катары көрөт. Ош шаарына өзгөчө сүйүүсүн арнап, аны бөлүп аккан Ак-Буура дарыяны ырга кошуп эргүү менен ырдайт.

Анын “Ош жана мен” деген ырында:

Жетимиштин ашуусунан өрдөдүм,
Жер кыдырып көп шаар болду көргөнүм.
Ошолордун арасынан бир дагы,
Оштой жерди, Оштой шаарды көрбөдүм.
Кайсы жакка кайсы өлкөгө барбайын,
Көбүн көрдүм тунук, таза дайраны.
Ар биринен ичип көрдүм бирок да,
Ак-Буурамдан ичкен өндүү канбадым.

Эмне деген керемет саптар, акын Ош шаарын, Ак-Буура дарыясын дүйнөдөгү бир дагы шаар, дарыяга алмаштыргыс экенин ички сезим менен туюп, ыр саптарында кайталап келет.

Таш атабыздын лирикасы чыныгы сүйүүнүн өңүндөй таза да, назик да, ойлуу да. Акын “Жолугалы Ак-Бууранын боюнда” деген ырында:

Карек талып көзүмдү албай жолуңдан,
Карааныңа мынча неге торулам?
Жүрөгүмө кеткен белең чок салып,
Жолукканда Ак-Бууранын боюнан.

Акын аруу сезимин дагы Ак-Буурасынын боюнда тапканын ырастап, махабатты ырга салат. Таш Мияшевдин публицистикалык макалалары менен очерктери өзгөчө орунду ээлейт. Анын ар бир макаласын окуган сайын бирде аз уйкулуу, көп түйшүктүү күнөстүү өрөндүн дыйкандарын көрсөң, бирде аркайган тоонун этегинде жайгашкан төрт түлүк малды караган маанайлары жаркын малчыларды көрөсүн. Бирде жаратылыштын өзгөчө сулуулугуна суктанып бүтө албай койгон жол очерктерин сүңгүп окусаң, бирде айтылуу

Алай койнуна кирип, деңиз деңгээлинен 3630 метр бийиктиктеги Талдык ашуусунан ашып, кең Алайдын кенен жайлоосунда мээнеттенген чарбачыл адамдарга жолугасын. Ошол тоодогу сурмалуу таңдарды көрөсүн.

Таш Мияшев мезгил сыноосунан өткөн эң сонун лирикалык ырларды, кара сөз менен жазылган чыгармаларды, публицистикалык макалаларды, өчпөс, өңбөс түсү менен нукура көркөм байлык калтырды. Кыргыз адабиятына салынган салымы атабызды акын, жазуучулук бактысына эгедер кылды.

Таш Мияшевдин эл алдындагы жана адабият майданындагы эмгеги жогору бааланып СССРдин Журналисттер союзунун мүчөсү, “Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер” деген ардактуу наам берилген.

Ш.Т.Беркмаматов,
ОшМУнун доценти.
12.05.2026-жыл, Ош.шаары.

“КЫРГЫЗ-АТА”
МАМЛЕКЕТТИК ЖАРАТЫЛЫШ ПАРКЫ

Кыргызстандын бизди курчап турган кайсыл гана тоолоруна, токойлоруна жана шаркырап агып жаткан сууларына көз чаптырбайлы, кооз, жаратылыш тартуулаган жашыл арчалар менен көркүү көрүнөт. Айланасы таза аба жыттанган Ноокат районундагы «Кыргыз-Ата» мамлекеттик улуттук жаратылыш паркы кайталангыс. Өсүмдүктөр, жаныбарлар дүйнөсүнүн биотүрдүүлүгүн сактоо жана атуулдардын эс алуулары үчүн пайдаланууда мааниси баалуу арча токойлорунун кайталангыс табигый комплексин сактоо максатында Кырыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1992-жылдын 18-мартындагы № 82-токтому кабыл алынган.





«Кыргыз-Ата» мамлекеттик улуттук жаратылыш паркы түндүктөн Ноокат токой чарбасы, түштүк жана чыгыш тарабынан мамлекеттик жер фонду, батыштан Араван токойчулугу менен чектешкен. Райондун түштүк-чыгыш бөлүгүндөгү Кара-Кой капчыгайынын төрүнөн орун алган.

Мында эмгектенген кызматкерлердин негизги максаты- арча токойлорунун кооз, табигый комплексин сактоо жана келечектеги жаш муундарга сактап, өткөрүп берүү дейт КАМУЖПнын директору Акылбек Эргешов.

Тиешелүү министрликтин 2025-жылдын 12-ноябрындагы № 01-03-364 буйругунун 5-пунктуна ылайык, мамлекеттик жаратылыш парктары жана мамлекеттик жаратылыш коруктары 2025-жылдын 17- ноябрынан баштап өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын жерлерин ижарага пайдаланууга берүүнү жана жаңы келишимдерди түзүүнү, ошондой эле мурда түзүлгөн келишимдердин мөөнөтүн узартууну убактылуу токтоткон.

Кыргыз Республикасынын «Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 18-декабрындагы «2025-2030-жылдарга туризмди туруктуу өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө» № 765 токтомуна ылайык иш алып барууну, «Кыргыз-Ата» мамлекеттик жаратылыш паркындагы, «Апшыр-Ата» шаркыратмасынын айланасындагы жана Ноокат токой чарбасынын карамагындагы эс алуу жайларынын жана туристтик обьекттердин курулуштарынын мыйзамдуулугу такай каралат. Өз билемдик менен ээлеп алууга жана мыйзамсыз курулуштарга жол берилбеши зарыл. Темир жана пластик үйлөрдү орнотууга, боз үйлөрдүн үстүн чатырын ар кандай навестер менен жабууга жол бербөө, жол боюндагы зым тосмолорду алуу, эс алуучу жайларда башаламан очок- казан орнотууга, ажаткана курууга, склад салууга бөгөт коюу, таштандыларды чыгарууну, жашылдандыруу иштерин күчөтүүнү жана санитардык –гигиеналык талаптарды сактоо тууралуу, мыйзамдуулукту сактоо боюнча Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акимдин орун басары Мамажунус Абилов буйрук чыгарган.



«Кыргыз-Ата» мамлекеттик жаратылыш паркы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1992-жылдын 18-мартындагы № 82- токтомунун негизинде экологиялык, эстетикалык, эбегейсиз зор мааниси бар, баалуу арча токойлорунун кайталангыс кооз табигый комплексин сактоо максатында түзүлгөн. Функциялык багыт боюнча 4 бөлүмгө бөлүнөт. Парктын курамында 14 кызматкер эмгектенет. Парктын администрациясы тарабынан ижарачылар менен түзүлгөн келишим 3 айдан 5 жылга чейин түзүлүп, коюлган талаптарды аткаруу жагы көзөмөлгө алынган. 2025-жылдын тиешелүү мезгилине чейинки көзөмөл өткөрүү күзөтканасына 14 499 150 сом мамлекеттин эсебине төгүлдү. "Жашыл мурас" программасын ишке ашырууда 2024-жылы 2 га аянтка 1056 даана көчөттөрдү, 2025-жылы кайра багып өстүрүү бөлүмүнө 5500 даана майда көчөттөрдү отургузушкан.

2024-жылы парктын аймагына келген туристтерден, дем алуучулардан калган таштандыларды тазалоо үчүн «Кыргыз-Ата» айыл аймагына караштуу жайыт комитетинин таштанды ташуучу автоунаасына келишим түзүлүп, акча каражаты бөлүнүп берилип, таштандыларды Ноокат районуна караштуу 55 км. алыстыкта жайгашкан таштанды төгүүчү жайга ташташат. Рекреациялык бөлүмдө иш жүргүзүп жаткан ижарачылар атайын таштанды таштоо үчүн жер аянттарын бөлүп беришип, мал союучу жай жана ажаткананы да парктын администрациясы тарабынан көрсөтүлүп берилген карта боюнча иш жүзүнө ашырышкан. Парктын күзөтканасына келген туристтерден жана дем алуучулардан КРнын Өкмөтүнө караштуу монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттин агенттигинин Ош шаары жана Ош облусу боюнча бөлүмү менен макулдашылып, бекитилген баа боюнча акы алынат.





Жогорку окуу жайларында эмгектенип жатышкан мугалимдер да илимий иштерин жазууда «Кыргыз-Ата» мамлекеттик жаратылыш паркы боюнча жаратылыш хроникасы боюнча такташып, маалымат алышат. Парктын аймагындагы жапайы жаныбарлардын, канаттуулардын жана суурлардын жазгы, кышкы мезгилдерде эсебин алуу иштери жүргүзүлөт. Парктын аймагындагы жаныбарлардын түрлөрүнө сүт эмүүчүлөр-16, канаттуулар-97, курт-кумурскалар-28, жерде-сууда жашоочулар, сойлоп жүрүүчүлөр-6, балыктын-1 түрү аныкталган.

2021-жылы «Германиянын табиятты коргоо союзу» коомдук уюмунун жардамы менен «Кыргыз-Ата» мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагына видеобайкоо аппараты коюлуп, илбирстердин келип кеткени, эчки- текелердин, уларлардын, суурлардын жана түлкүлөрдүн жашаган жерлери аныкталды. Ошондой эле «Кыргыз-Ата» МЖПаркы АРИС эл аралык уюму менен биргеликте эң чоң көйгөй жараткан ажаткана маселеси, 2-3 даана заманбап боз үй орнотуу, таштанды ташуучу автоунаа алуу, парктын күзөткасын жаңылоо, келген туристтердин, дем алуучулардын олтуруп дем алуулары үчүн атайын орундуктарды орнотуу, автоунааларды токтотуучу жайларды даярдоо, биотуалеттерди жана таштанды таштоочу челектерди коюу, парктын кызматкерлери үчүн дүрбү камера, ЖПС аппараттарын алуу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, долбоор даярдап тапшырышкан.

«Кыргыз-Ата» мамлекеттик жаратылыш паркынын директору Эргешов Акылбек Көчкөнбаевич эмгек жамааты менен биргеликте, быйылкы жылы да аткарыла турган иштер арбын экендигин белгилеп кетти. Директордун орун басары Шүкүрүлло Нурматов, кызматкерлерден Тайлакбай уулу Азизбек, Нурбек Мухаммед уулу, Абдижалил Бөрүбаевдердин ысымдарын сыймык менен атоого болот.

Бурма Ысакова.

Тарых күүсүндөгү инсан

КЫРГЫЗДЫН АЛГАЧКЫ ГЕНЕРАЛЫ

(башталышы мурунку санда)

1944-жылдын 25-декабрында Хоргос аркылуу “Баатыр” отряды Казакстандын Кытайга өтөт. Анын командири Ысык-Көлдөн Кутан Торгоев, штабдын начальниги Дүйшө Ногойбаев болгон. Бир аптадан кийин “Буйгу” атайын аскердик отряды Хоргос аркылуу Иле округуна кирип, жаңы жылды ошол жерден тосушат. Бул мезгилде Чыгыш Түркстандын Иле, Тарбагатай, Алтай-үч округунда улуттук-боштондук үчүн куралдуу көтөрүлүш чыгып, жарандык уруш башталган эле. Ганибатыр, Фатих Муслимов, Рафык Байчурин сыяктуу улуттук лидерлердин үндөөсү менен ачык согуш башталып, көтөрүлүшкө чыккандар Иле округунун айрым жерлеринен гоминьдандык бийликти сүрүп чыгара баштаган.

1945-жылдын 7-январь күнү СССРден барган аскердик отряд Кулжанын Айранбаг деген жериндеги гоминьдандык аскерлердин катуу чыңдалган базасын штурмлоого катышат. Операция ийгиликсиз аяктап, аскердик отряд жергиликтүү калктын эсебинен көбөйтүлүп, полкко жеткирилип, 1 апталык машыгуудан өтөт.

1945-жылдын 14-январь күнү Кулжанын Айранбаг менен Бутканды кайра штурмалоого катышып, бул чабуул да ийгиликсиз аяктайт. деген жериндеги гоминьдандык аскерлердин катуу чыңдалган базасын штурмалоого катышат.

1945-жылдын 16-январь күнү Төрө-Суу ашуусу аркылуу Зинхо районунан бир дивизия аскер тобу Кулжадагы гоминьдандык аскерлерге жардамга келе жаткандыгы тууралуу кабар келет. Ысакбек Монуевге алардын жолун тосуп жок кылуу тапшырмасы берилет. “Баатыр” аскердик отряд кошулат.

1945-жылдын 18-январь күнү Чапканжут деп аталган аймакта тоо арасынан мерчемдүү өңүт алган Ысакбек Монуев душмандын алдыңкы бөлүгү менен бетмаңдай чыгып, аны тез эле таш-талканын чыгарат.

1945-жылдын 26-январь күнү чечүүчү согуш болгон. Тоо арасында 2000-2500 дөй аскерден турган гоминьдандык дивизия тыптыйпыл талкаланат.

Чапканжутагы гоминьдандык бир дивизияны тыптыйпыл талкалагандан кийин Ысакбек Монуевдин аскердик бөлүгү Кулжага кайтып келип, 1945-жылдын 28-январь күнү Кулжанын Айранбаг чыңдоосун штурмалоого кайра штурмалоого катышат.

1945-жылдын 29-январь күнү Айранбагдан Зинхо аймагындагы өз күчтөрүнө кошулуу үчүн 200 гоминьдандык аскер чыгып кеткендиги маалым болуп, алардын жолун тороо үчүн Габит Музипов баштаган бир эскадрон аскер жөнөтөт. 80 аскердүү бул эскадрон 200дөй гоминьданчыны тыптыйпыл талкалап, курал-жарагын колго түшүрөт.

Башкы таянган күчү Ысакбек Монуевдин атчандар полку болгон көтөрүлүшчүлөр тобу Кулжанын Айранбаг менен Буткандагы чыңдоолоруна жана аэродромуна 3 күн кайра чабуул койгондон кийин 31-январь күнү 2000 аскерден турган гоминьдандык аскердик бөлүк чегинүүгө аргасыз болот. Төрт күндөн кийин арттан куугун түшүп, четтен кырып-жойот деп чочулашканбы, чегинүүгө аргасыз болгон гоминьдандык аскердик бөлүктүн командачылыгы өз элчилерин жөнөтүп, капитуляцияга макул экендигин билдиришкен. Ысакбек Монуев капитуляцияны ишке ашырууну атайын отряддардын командирлери Раззак Маяланов менен Габит Музиповго дайындайт.

*

ЧТРда 1944-жылдын аягында жалпы калктын жалпы саны 705 168 адам болгон. Казактар анын 52,1 уйгурлар — 25,3%ын түзгөн. . Алтайда казактар көпчүлүк болсо, Илиде уйгурлар көп болгон. ЧТРдин бийлигин Или округундагы мусулмандарынын лидерлери баштаган. Өкмөттө ар кайсы улуттун өкүлдөрү бар: уйгурлар, казактар, татарлар, калмак, орус жана дунгандардан турган. Ахметжан Касымовдун демилгеси менен республикалык армия түзүлгөн. 1945-жылдын 3-февраль күнү ЧТРдин регулярдуу Улуттук армиясы түзүлүп, генерал-майор Ы.Монуев анын коргоо министри жана башкы командачысы сыяктуу эки кызматты бирдей колго алат. Анын негизги курамында уйгурлар, казактар жана орустар болгон. Ошондой эле дунган жана монгол кавалерия дивизиялары да бар болчу. Партизандык топтор жаңы райондорду бошотуу менен армиянын курамын кеңейткен.

(уландысы бар)

Материалды даярдаган: Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ.

Прокурордук көзөмөл

Мамлекетке келтирилген зыян кайтарылды

Кыргыз транспорттук прокуратурасы тарабынан 2025-жылдын 12 айында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарына ылайык, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдарында белгиленген ыйгарым укуктарынын чегинде, Башкы прокуратурасынын тармактык буйруктарын, көрсөтмөлөрүн жана коллегиялардын чечимдеринде көрсөтүлгөн милдеттерди жетекчиликке алуу менен жигердүү иштер жүргүзүлгөн.

Мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө иши мамлекеттин мыйзамдуу талаптарын коргоого артыкчылык берилип, мамлекеттик менчикке жана бюджеттик каражаттарга кол салуунун ар кандай формаларына каршы күрөшүүгө, Коррупцияга каршы аракеттенүүгө, мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүндө мыйзамдуулукту камсыз кылуу менен мыйзам бузуулардын реалдуу жоюлуусуна багытталган.

Кыргыз транспорттук прокуратурасы тарабынан 2025-жылдын 12 айында жалпысынан мамлекетке келтирилген 15 225 916 000 сомдук зыян натуралай түрдө кайтарылган.

Б.Алыкеев,
Кыргыз транспорттук прокурорунун улук жардамчысы.

ТӨРТ КӨЧӨДӨ ТӨРТӨӨБҮЗ ...

(башталышы мурунку сандарда)

Мени дайыма жогорудагыдай ой санаалар бийлеп келет. Канткен менен ааламдагы бир пенде катары жарык дүйнөгө келген соң, аалам мыйзамдуулугуна баш калкалоо пешене дейбизби же, жандуу бизге тартуулангan жашоо түйшүгүбү, кандай болгон күндө да балбылдаган эки көзүңдүн карегинде өмүр менен алпуруша күрөш үстүндө жашап келгениңдин сарсанаасы сай сөөгүңдүн сыздаганы менен кимдин иши бар дейсин. Баары тегиз өтүп жаткандай сезилгени менен казанда кайнаган бозонун боткосундай болгон көр тиргилик желкеңден ныгырганын, кашаң атка араба кошкон арабакечти элестеткен эңшерилген жашоонун кулу экендигибизди кимдин ким экендигине карабай сезет окшойбуз.

Мындай санаркалуу күндөр ар бирибиздин башыбызда бар экендигин күнүмдүк жашообузда билинбей буту колубузда чырмалышкан чынжырдай оролошо опуртал тарттыра чайнаганын жан дүйнөңдүн жанчылганы менен азабын берет тура. Ушундан улам көп саналуу боло берүүнүн деле кажетин анчалык зарылчылыкта кармай берүүнүн касиетинин кереги, зыянынан пайдасын табууга жол бербейт тура. Бул кескин бүтүмдүк эмеси ырас. Ар кимдин тагдыры кандай болоору жашоосундагы чабылган жолдун жылыма же суук болоору аракетинден экендиги сезилсе да тоң моюндук кылганыбыз өзүбүз үчүн көр пенделик бейм.

Төрт көчөдөгү төртөөбүздүн жолуккандагы бул күнүбүз чайканада өтөт окшойт. Күн да бешимден ооп барат. Негедир бүгүнкү күндөгү жолугушуубуз көптөн бери жолукпай бири бирибизди сагынгандай түр көрсөтөт. Оморбек баягыл эле адатында. Чайканада узакка олтурганыбыздын да себеби бар. Канткен менен жашоонун ырагы да. Үйдөгү кой дээр кожо болчу өмүрлүк жубайларыбыз эл катары ар жакта. Алардын алды Ыраакы чыгыш, бул жагы Москва, андан бери келсе Казакстан чөлкөмдөрүндө тиргилик азабы менен үй бетинен алыста. Ушундан улам төртөөбүзгө төп келген күндөр төрт көчөдөгү жолугушуубуздун себебинен чайканада көп боло турганбыз. Анын үстүнө иштеген жумуштарыбыздын таасири жокко эсе. Оморбектин, Абдимиталдын, Ысмайылдын ишенген ишканасы да бар. Ошондонбу баарыбыздын кой дээр кожолорубуз жок калганбыз. Төрт тарабың кыбыла. Өзүңдү-өзүң бил, өтүгүңдү төргө ил деген заман баш тооруган мезгил болчу.

Биздин ынактыгыбыз Кара-Кулжага там таш кура, бир үйдүн түтүн булаткан ээси катары төрттөн бештен чүрпөлүү болгон соң андан бетер күчөгөн болчу. Анан эле заманың заң-зуң боло катаал турмуш башка түшкөндө арыктагы аккан сууну кайда бурсаң ошол жакка аккандай, эл эмнени кылса ошол жака карай баардыгыбыз агылган заман келгени эптеп жашоо өткөрүү ынтаасынада болдук. Жашоо токтоп калбаган соң, көпчүлүк эмнени кылса ошол тарапка көздөй агылдык. Эл турмушунда соода сатык иштери күч алды. Жанкечти бирин-бири алдамай, күнүмдүк жашоодо кадыр эсе баалуу көрүнүш катары кадырын тапты. Көптөгөн турмуш капшыгынын капсалаңына кабылгандар мындан көбөйдү. Эл арасында түрдүү кооптуу сөздөрдүн каңшаары кулакма-кулак коштолду. Акчага алдангандар, үй-бүлөсү бузулгандар, бала чакасын таштап кеткендер, үй жайын баалап акча бергендерден улам карызынан кутула албай калгандар сыяктуу толгон токой көзгө коомай адаттар кыймыл жашоого каңгы түн каптагандай кирген мезгил болчу.

Тарыхта буга чейин деле коомдук өзгөрүүлөр көп болгону белгилүү. Булактан башталган суу төрү сыяктуу коомдун тарыхы деле жөн жерден чыга бербейт окшойт. Бир муундун өсүп өнүгүүсү экинчи коомдун мыйзамдуу көрүнүшүнө шайкеш келбеген сыяктуу эле, адам пендеси маңдайынан жара тээп чыккан капсалаңдуу көрүнүштөргө чыркыраган чымындай жаны жан далбастаса дагы чыгып бүткөнгө чейин өмүр үмүтүнөн зардаптуу күткөнүн үзүлбөгөн үмүттүн бир жагынан жылчык көрүнөөр деген шайкештике ыктаганы, ыктаган тура.

Балалыкта мындай нерселерди кайдан сезмексин. Жалпысынан алганда биз куракттуулар тегиз бир коомдун даамын сыза, анын жашоо мыйзамдарына багына турмуш кечиргенибиз көй кашка чындык го. Ошондон "Төрт көчөдөгү төртөөбүз" жана башка классташ курбулар киндиктеш болгон сыяктуу кайда барсак да, кайда жүрсөк да баарынын элеси ар качандан бир качан сезим кытылаганы кытылаган. Курбулуктун артыкчылыгы ушунда тура.

Оморбекти ээрчий чайканага кирген бүгүнкү жолугушуудагы төртөөбүздүн, бир күнүбүз ушинтип өмүр тарыхына байланып барат. Жандуунун ар биринин кыял жоругу жашоо тиричилиги башка болгону менен өзүмдүн баамымда бала чактан курбалдаш жетилген теңтуштардын сыпаасы башкача экендигин баамдап келем. Калгандары кандай болгонун бүшүркөөмдө менменсингеним менен, бирок, баамдоом өзүмдүн купулума толо бербейт. Анан мейличи теңтушчулук да деп тобокелденем. Күн бешим ишаратынан өтө кечтеп барат. Биз чайканадагы чайдан чанкообуз канганча шорулдата иче даам сыза олтурдук. Канчалык убакыт өткөн болсо да Оморбек чайканага көнүп алганбы зарыл эле иши болбосо чыккысы келчүдөй эмес. Анын үстүнө өзүнөн бир топ жаш улуу Токтомуш, Тургунбай, Жолчубай сыяктуу аксакал агалары менен шахмат ойной ага ини болуп алган. Алар менен алмака-салмак жеңилип-жеңип шахмат ойносо чери куп жазылат. Өзүнө батпай ар кандай кыймыл аракетте чайкананын ичин шаңга бөлөйт. Ушул жоруктарынан улам Оморбекти таанып билгендер өзгөчө баалайт. Токтомуш, Тургунбай аксакал авалар бул ааламдан өтүп кетишти. Экөө тең жакшы турмуш шартта жашоо кечиришкен. Токтомуш, Тургунбай аваларды биз жаштайыбыздан таанып билип калдык. Ал кишилер Кара-Кулжанын Сары-Булак өрөөнүндө жарык дүйнөгө келишкен. Балалык кездери да ошол аталган өрөөндө өткөн. Кийин эрезеге жеткенде андагы Фрунзе шаарынан билим алышкан. Токтомуш аксакал райондун чарбаларында көп жылдар башкы эсепчи кызматын аркалап жүрдү. Ал эми Тургунбай ава мал чарбачылыгында мал доктур кызматында иштеди. Акыркы жылдары райондук, облустук мал дарылоо мекемелеринин жетекчиси кызматтарын аркалады. Алар жаштайынан бирге ынак жетилгендиктен эс алууга чыккандан кийин Кара-Кулжада жашап өтүштү. Шахмат оюнун жакшы көргөндүктөн дайыма чайканага келишчү. Оморбек да алар менен күндө, күн алыс шахмат ойной турган. Кээ бир күндөрү шахмат ойноп эртеден кечке чейин убакыт өткөрүшчү. Ара чолодо бизге убакыт бөлгөнү эле болбосо алар менен бир боорундай ынактыгын баарыбыз сезчүбүз. Анан Токтомуш, Тургунбай, Жолчубайлар менен эле жүрө бересин. Алар атаңдан бир аз эле кичүү кишилер да деген кептерди салсаң Оморбек биздин кепти кыдырына да кысып койчу эмес. Ушундай сөз боло калганда Абдимитал менен Калдыбай, Ысмайыл үчөө "алар Оморбекти баш үйүртмө кылып алган да" деп талап киришет. Оморбек ал үчөөнүн мындай сөзүнө:- силерден мага эмне пайда, алар менен интереске шахмат ойноймун деп кесе жооп берет. Анын мындай жообуна териккен Абдимитал менен Калдыбай мага демектен алардын үйүнө кирип албайсынбы дешет. Буга кошулган Ысмайыл Оморбектин алар менен жаны бир. Анан сеп этмейи да бирге болсо бизден Оморбекке не пайда деп сөз кошуп калат. Мындай кайым айтышуулар ортолугубузда канчалык болсо да таарынычыбыз такыр жармашчу эмес. Азыр сөгүшүп сөздөнсөк да эч нерсени элес албагандай жүрө беребиз. Жада калса бүгүн көрүшсөк эртеси бири бирибизди издемейибиз бар. Мурун кадам таштап, каалга кагып эл журттан кулак кагыш кыла издешсек, кийинки учурда телефон аркылуу жер астында эле болбосо издөө салуубуз оңой болуп калбадыбы...

(уландысы бар)

М. Жуманазаров

Эл аралык билим таймашы

"Үстүбүздөгү жылдын 15-17-май күндөрү Өзбекстандын борбору Ташкент шаарында өзбек тили жана адабияты боюнча Алишер Навоий атындагы эл аралык олимпиада өткөрүлдү. Олимпиадага Кыргызстан, Казакстан, Тажикистан, Нидерландия, Россия, Германия, Кытай, Бельгия, Малайзия сыяктуу 9 мамлекеттен алдыңкы окуучулар келип катышышты",- дейт Ош билим берүү институтунун директорунун орун басары Асида Бабакулова. Маалыматка ылайык, бул олимпиадага Кыргызстан тарабынан өткөрүлгөн өзбек тили жана адабияты боюнча олимпиаданын республикалык турунун жеңүүчүлөрү катары жолдомо алган 9 окуучу катышты.

Олимпиаланын уюштуруучулары 15-май күнү түрдүү өлкөлөрдөн келген мейманд арды "Porto Bello Hotel" мейменканасында күтүп алып, олимпиаданын катышуучуларын Ислам инновациялык тарых музейи менен тааныштырды.

16-май күнү Ташкент шарындагы Абдулла Кадирий атындагы чыгырмачылык мектебинде олимпиаданын ачылышы болду. Эл аралык олимпиада онлайн жана офлайн түрүндө 2 баскычта өткөрүлдү. Биринчи баскычта окуучулар калыстар тобу тарабынан сунушталган 3 теманын ичинен бирөөсүн тандап алып, анын негизинде эссе жазышты. Жазуу түрүндөгү иш үчүн 180 минута убакыт берилди жана 1-40ка чейинки балл менен бааланды.

Экинчи баскычта окуучулар 90 мүнөттө 80 балл топтошу керек болду. Угуп-түшүнүү көндөмдөрү боюнча 10 тесттик тапшырманы 30 мүнөттө аткарып, 30 балл; Грамматикалык сабаттуулук боюнча 20 тапшырмадан 30балл; Окуп-түшүнүү боюнча 10 тесттик тапшырманы аткарып, 20 балл топтоосу керек болду.

Олимпиаданын жыйынтыгы боюнча Кыргызстандан барган 1 окуучу, тактап айтканда, Баткен облусунун Лейлек районуна караштуу "Ак-Суу" жалпы берүү мектебинин 9-классынын окуучусу Анваржанова Севинч Мухаммаджановна 1-орунду камсыз кылды. 1-орунду ээлеген окуучулар олимпиаданын медалы, диплому жана ноутбук менен сыйланышты. Командалык эсепте Кыргызстан мамлекеттер арасында 3-орунду ээледи.

Эл аралык олимпиаданы каржылаган "Ватандошлар" фонду тарабынан бардык мамлекеттин окуучуларына, анын ичинде Кыргызстандын атынан барган 9 окуучуга баалуу сыйлыктар жана "Анор" долбоору боюнча 14 күндүк жайкы лагерге жолдомо берилди.

Олимпиадалык таймашта негизги атаандаш болгон Казакстан жана Тажикстанда өзбек тили жана адабияты предметинин жумалык жүктөмү 5-6 сааты түзөт экен. Ал эми Кыргызстанда өзбек тили жана адабияты предмети боюнча сааттардын жумалык жүктөмү 2-3 саатты түзөт. Ага карабастан Кыргызстандан барган окуучулар өздөрүнүн билимин атаандаш окуучулар арасында татыктуу коргой алышты жана топтогон упайлары боюнча да жакшы натыйжаларды көрсөтүштү.

Окуучуларды Ташкент шаарына Ош билим берүү институтунун директорунун орун басары Бабакулова Асида Мамануровна, өзбек тили жана адабияты кабинетинин башчысы Номанова Зулфия Хасановна, Жалал-Абад шаарынын №7 мектептин өзбек тили мугалими Исакова Макбурат жана түштүк аймагы боюнча улуттук маданий борбордун башчысынын орун басары Атажанов Адылжан коштоп барышты.

А.САПАРБАЕВА.

Жарыялар

Аукцион

Ош облусунун Ноокат районунун Көк-Жар айыл өкмөтү мекемесине караштуу Он -Эки -Бел айылында жайгашкан муниципалдык менчиктеги 3,5 га. жер аянтынын ичинен 0,80 га. жер тилкеси спорттук багытта иш жүргүзүү үчүн аукцион аркылуу ижарага берилет. Аукцион 2026-жылдын 23-июнь күнү саат 11:00дө айыл өкмөтү мекемесинин имаратында өткөрүлөт. Аукционго катышуучу жарандар 2026-жылдын 23-июнь күнүнө спорттук багытта колдонуу үчүн долбоорлорун, курулушка байланыштуу (эскиздик долбоорлорун) жана өзүн тастыктоочу документтерин алып келүүсү керек.

Байланыш үчүн телефон: +996 500 20 89 82.

ххх

Ош облусунун Ноокат районунун Көк-Жар айыл өкмөтү мекемесине караштуу Жийде айылынын "Жийде-Бурак" балдар бакчасынын батыш тарабында жайгашкан муниципалдык менчиктеги 0,15 га. жер аянты жеке балдар бакчасын куруу үчүн аукцион аркылуу ижарага берилет. Аукцион 2026-жылдын 23-июнь күнү саат 14:00дө айыл өкмөтү мекемесинин имаратында өткөрүлөт. Аукционго катышуучу жарандар 2026-жылдын 23-июнь күнүнө жеке балдар бакчасын куруу үчүн долбоорлорун, курулушка байланыштуу (эскиздик долбоорлорун) жана өзүн тастыктоочу документтерин алып келүүсү керек.

Байланыш үчүн телефон: +996 500 20 89 82.

ххх

Ош облусунун Ноокат районунун Көк-Жар айыл өкмөтү мекемесине караштуу Көк-Жар айылынын борборундагы Ош-Исфана чон жолунун түндүк тарабында жайгашкан муниципалдык менчиктеги 648,0 чарчы метр жер аянтчасы коммерциялык багытта иш жүргүзүү үчүн аукцион аркылуу ижарага берилет. Аукцион 2026-жылдын 23-июнь күнү саат 10:00дө айыл аймагынын айыл өкмөтү мекемесинин имаратында өткөрүлөт. Аукционго катышуучу жарандар 2026-жылдын 23-июнь күнүнө коммерциялык багытта колдонуу үчүн долбоорлорун, курулушка байланыштуу (эскиздик долбоорлорун) жана өзүн тастыктоочу документтерин алып келүүсү керек.

Байланыш үчүн телефон: +996 500 20 89 82.

Сынак

Ош облусунун Ноокат районунун Көк-Жар айыл аймагына караштуу Улуу-Тоо айылынын Чоңкой бөлүмүндө жайгашкан өнөр жай багытындагы 79,0 га жер аянты алтын жана сымап байытуучу тоо-кен өнөр жай ишканасын куруу үчүн сынактын негизинде ижарага берилет.

Коюулуучу талаптар:

1.Инвестициянын көлөмү 2 000 000 (эки млн.) АКШ долларынан кем болбоосу шарт.

2.Курулуучу тоо-кен өнөр жай ишканасынын долбоору.

3.Ишканага тиешелүү болгон юридикалык иш-кагаздары суралат.

Катышуу үчүн арыздар жана кепилдик төлөмдөр 5 (беш) жумушчу күн ичинде кабыл алынат.

Сынак 2026-жылдын 1-июнунда саат 10:00дө Көк-Жар айыл өкмөтүнүн имаратынын жыйындар залында өткөрүлөт.

Байланыш үчүн телефон номери: 0771 38-38-30.

Дареги: Ош облусу, Ноокат району, Көк-Жар айыл аймагынын имараты.

Объявляются повторные торги

«ОсОО «Люкс Консалт» объявляет о проведении повторных публичных торгов в форме открытого аукциона, которые состоятся «26» июня 2026 года в 12:00 ч. по адресу: Ошская обл., Кара-Суйский р-н., Мады а/а, с.Учкун, ул.Р.Мамытова, дом №17. На торги выставляется заложенное имущество:

ЛОТ №1 Нежилое помещение (магазин), земельный участок мерою 363,5 кв.м., общей полезной площадью 114, 10 кв.м., находящееся по адресу: Ошская обл., Кара-Суйский р-н., Мады а/а, с.Учкун, ул.Р.Мамытова, дом №17, ИК: 5-04-10-1010-0263, гос. акт о праве частной собственности на земельный участок серии Ч, № 508650 от 26.02.2014 года. Стартовая цена заложенного имущества составляет 3 687 000 (три миллиона шестьсот восемьдесят семь тысяч) сом.

ЛОТ №2 Земельный участок мерою 100,0 кв.м., находящееся по адресу: Ошская обл., Кара-Суйский р-н., а/а Мады с.Учкун, ул.Р.Мамытова, д.№17а, ИК: №5-04-10-1010-0389, гос. акт №538474 от 02.12.2014 года. Стартовая цена заложенного имущества составляет составляет 547 000 (пятьсот сорок семь тысяч) сом.

ЛОТ №3 Земельный участок мерою 515, 0 кв.м., находящееся по адресу: Ошская обл., Кара-Суйский р-н., а/а Мады, с.Жоош, ул. Намаз уулу Айтимбет, д. №86, ИК: 5-04-10-1003-0413 , гос акт серии Ч, №508881 от 10.02.2014 года. Стартовая цена заложенного имущества составляет 727 000 (семьсот двадцать семь тысяч) сом.

Также уведомляем Вас о назначении судебных повторных публичных торгов на «26» июня 2026 г., в 15:00 ч. по адресу: г. Ош, ул. А.Шакирова, дом №9, кв. 60.

ЛОТ №4 Жилая квартира, обшей полезной площадью 49,82 кв.м., жилой площадью 31,13 кв.м., находящийся по адресу: г. Ош, ул. А.Шакирова, дом №9, кв. 60, ИК: 5-11-10-0237-0006-01-060. Стартовая цена заложенного имущества составляет 3 193 000 (три миллиона сто девяносто три тысячи) сома.

Для участия в повторных публичных торгах необходимо внести гарантийный взнос – 1 % от стартовой стоимости – на р/с 1110002000041858 , БИК 111006 ЗАО «Банк Азии» до начала проведения публичных торгов. Имущество реализуется в сомах.

Выигравшим повторные публичные торги на открытом аукционе признается лицо, предложившее наиболее высокую цену за продаваемое имущество. Покупная цена подлежит внесению в течение пяти банковских дней за вычетом суммы, внесенного гарантийного взноса после проведения торгов.

Сведения об Организаторе торгов:

ОсОО ЮК "Люкс Консалт", адрес: г. Бишкек, пр. Ч.Айтматова, д. 14, кв. 41, тел. 0 (312) 56 88 25, 0 (772) 30 30 32, р/с в сомах 1110002000041858, БИК 111006 ЗАО "Банк Азии", код ОКПО 29403204, ИНН 01603201610167»

Жараксыз деп табылсын.

Забирова Зухра Рафиковнага Ош педагогикалык институту тарабынан 1992-жылдын 22-майында берилген ТВ-1 № 134944 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

Абдиламит уулу Сүйүнбеке таандык Ош айыл чарба техникумун 2016 -жылы бүтүргөндүгү тууралуу берилген № УС 160188953, каттоо №10641 болгон дипломдун түп нускасы жана аталган дипломго тиркемеси жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

Шакенов Өмүрбек Санжарбековичтин Ош мамлекеттик юридикалык институтунун колледжин 2020-жылы аяктагандыгын тастыктаган диплому жана 2022-2023-окуу жылдарда ОшМУнун Бакалавр даражасын аяктагандыгын тастыктаган диплому түп нускалары жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

Ташбаева Айнура Абдыжапаровнага Ош технологиялык университети тарабынан 2008-жылдын 30-майында берилген № CD080215390 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясий гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү
М. Жуманазаров

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
Катталуу күбөлүгү
213623-3310-У-е
Жазылуу индекси:
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт. Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: **7–13–34**
Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjangaz@gmail.com**

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.
"Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №: 552
Нускасы: 2000

МЕКТЕПТЕГИ ТАРБИЯ ПАЙДУБАЛЫ БАКЧАДАН БАШТАЛАТ

Элибизде "Уядан эмнени көрсөң, учканда ошону аласың" деген накыл сөз тогоосунда тууралыгы бар окшобойбу. Муну жандуу жаратылыштагы жашоо тиричиликте дайыма баамдап келген сыяктанабыз. Канчалык сарасеп салсак да, саноо сарсанаабызда кыялыбыздан алыстай албай, баягыл эле уяда көргөнүбүзгө умтула бермейибиз жашоо жолубузда төп келише калганда өзүбүз да ыраазы боло ынанып калабыз.



Мындай учурлар инсан тагдырларында далай кездешкен учурлардын күбөсүбүз. Ушундай тарбиялык таалимдин тагдырлаштарынын бири Жумабаева Нурзат Тавалдыевна. Ал 1995-жылы 11-октябрда Ош облусунун Ноокат районуна караштуу Кайрагач айлында төрөлүп, эрезеге жетет. Анын ата-энеси да билимдүү саламаттыкты сактоо жана таалим тарбия жаатында эмгектенген инсандардан болушкан тура. Атасы Жумабаев Тавалды көп жылдар бою урайондук поликлиникада ак ниеттүүлүк менен эл кызматында болсо, апасы Турдукулова Ызаткан 40 жылдан ашуун билим тарбия кесип ээси катары мектепте эмгектенген. Ушундай асыл адамдардын канатынын калкалоосунда тарбия таалим алуу менен пейлиндеги тазалыкты сезиминде уюткулаган Нурзат өз айылындагы Кеңеш орто мектебинде эң алдыңкы окуучулардан болуу менен сабактарды мыкты өздөштүргөн, коомдук иштерге активдүү катышкан алдыңкы окуучу катары мектепти алтын медаль менен 2012-2013-окуу жылында жалпыга бирдей орто билимге ээ болуу менен аяктаган.. Орто мектепте окуп жүргөндө эле жакшы жүрүш турушу жана сабактарды жалаң "беш" деген бааларга өздөштүргөндүгү ошол учурда эле бааланып мектеп администрациясынын жана 2012-2013-окуу жылындагы үлгүлүү жүрүш турушу менен окуудагы ийгиликтери жана жергиликтүү өз алдынчак башкаруудагы коомдук иштерге активдүү катышкандыгы үчүн Бел айылдык округунун "Ардак грамоталары" менен сыйлануга татыктуу болгон.



Мектепти эң жакшы аяктаган Нурзат 2013-жылы Ош мамлекеттик университетине бюджеттик негиздеги окууга кабыл алынат. Ал жогорку окуу жайындагы тандап алган кесиби боюнча окуусун, мектеп босогосунан үзгүлтүксүз шыр эле келгендигинин таасиринде жогорку окуу жайында да алдыңкылардан боло алат. Тарбия жаатында иштөө үчүн тандап алган кесибинин татаал билим алуу сырларын билгичтик менен өздөштүрүүнүн акыбетинде 2017-жылы окуусун ийгиликтүү аяктоо менен жогорку билимдүү кесип ээси болуп чыгат.

Ал дайыма үлгүлүү болуп жүрүүнү жаштайынан жадыбалына жакын карманган-дыгынын таасиринде жашоодо жакшы ийгиликтердин үстүндө болууга болгон күч аракетин жумшоону мүнөзүнө байыр тутуп алган. Ошондонбу иштеген иштеринде ар качан жакшылыктардын болуп туруусуна байымдагысы келет. Мүнөзү жаш наристе баё сезимдерге жакын болгондуктан балдар менен иштөөнү өзүнө жакын көрөт. Үй-бүлөөсүндө да үч кыз, бир уулу бар. Аларга да мыкты тарбия берип келет. Бакчада иштегенине деле алты жылдын жүзү болуп калды. Бул жылдардын ичинде балдарга мектепке чейинки билим тарбия берүүнүн усулдук сырларын өздөштүрүүнүн үстүндө теориялык жана практикалык мүнөздөгү иштерди айкалыштыруу менен коюлган план программалардын негизинде алып барууну ишинин негизи катары карманат. Кийинки учурлардагы жер жерлерде мектепке чейинки тарбиялоо иштеиндеги муктаждыктардын таасирин жоюу максатында ачылган "Алия" мектепке чейинки билим берүү уюму Кара-Суу районунун Мады айыл аймагынын Жоош айлынын Жаңы-Тээке-1 дарегинде жайгашкан. Бакчанын мүдүрү Жумабаева Нурзат 2020-жылдан аталган бакчада тарбиячы катары эмгектенип келсе, 2022-жылдан бери аталган мектепке чейинки билим берүү уюмунда иш билги жетекчи катары эл кызматында болуп келүүдө.

Азыркы учурда аталган бакчада балдарга толук жекиликтүү тарбия иштерин уюштурууга толук шарттар түзүлгөн. Наристелерге таалим тарбия берүүдө төрт тарбиячы, үч жардамчы тарбиячы, бир музыкалык жактан тарбия алып баруучу музыкант кызматкер, бир орус тили мугалими, балдардын ден соолугуна көзөмөл жүргүзүүчү медайым, балдарга даамдуу тамак-аш даярдоочу ашпозчу, айлана тегерегине толук көзөмөл жүргүзүү жана кооп-суздукту камсыз кылуучу эки күзөтчү жана бир тейлөөчү кызматкерлер бир пикирде балдар мекемесинин ишин алдыга сүрөө максатында уюмдуулукта иштеп келишет.

Мектепке чейинки билим берүү уюмунда өткөн уюшулгандан берки алты жылдын ичиндеги ийгиликтери коомчулук тарабынан жакшы эле пикирлерди жаратууда. Учурдагы чакан коллективтин уюшкандыкта жараткан жакшы иштери балдардын ар тараптуу гармониялуу дүйнө таанымын өзгөртүүдөгү таасири ар тараптуу экендиги жаратмандыкта болуп жаткан иштеринен белгилүү. Учурда бакчадагы үч тайпада 75 мектепке чейинки билим тарбия алган балдарга жуманын иш күндөрү эрте мененки



8.00 дөн, кечки 18.00 гө чейин коюлган методикалык тарбиялоо программасынын негизинде иш алынып барылат. Ар бир группада 25 тен мектепке чейинки балдар тарбияланууда. Биринчи топ мектепке чейинки даярдоо тайпасы. Калган эки тайпа жогорку жана ортоңку болуп бөлүнөт. Ар бир тайпанын тарбиячылары кесиптик жактан такшалган жогорку жана атайын орто билимдүү кесипкөй тажрыйбалуу өз иш оорундарына жооп керчилик менен мамиле жасаган эжекелер. Алардын катарына алдыңкы тарбиячы Мамытова Тамара эжекени кошсо болот. Анын чыгармачылык изденүүсүнүн таасиринде чеберчилик менен колдо жасалган тарбиялык мааниси бар көргөзмө курал катары колдоно турган эмгектери арбын. Баардык тарбиячылар балдарга тарбия ишинде көргөзмө куралдарды атайын түстүү кийиздерден өздөрү сабактын мазмунуна ылайык жасап колдонушат.



Ушундай маанилүү сабак өтүүгө аракет кылган тарбиячылардын катарына Эргешова Наргизаны, Авазматова Гүлназды, Кабилова Гүлсүнайды жана жардамчы тарбиячылар Жураева Алтынайды, Маматали кызы Майрамгүлдү, Абды кызы Нуртажылардын ысымдарын сыймыктануу менен атап кошууга болот. Мындан сырткары балдар бакчасында үлгүлүү иштеп жаткандардын катарына ашкана башчысы Абдурахимова Ферузаны, музыка мугалими Жусуписматова Гүлбарчынды, орус тилчи эжеке Дөлөтбай кызы Гүлзиналардын аракетчил иштери менен ардактуу экендигин айтсак ашыкчылык эмес.

"Алия" мектепке чейинки билим берүү уюмун соңку учурлардагы балдарды жаштайынан билим алууга жана коомдук шартка байланыштуу жүрүм турумдарына жакшы көңүл буруу керектигин эске алуу менен Билим берүү министрлигинин талаптарына ылайык 2020-жылы Умаралиева Айгүлдүн зор аракети менен түптөлгөн экен. Ал талбаган ишинин таасиринде бакчанын материалдык техникалык базасын учур талабына ылайык жабдуу менен тарбиялык иштерге шайкеш келтирет. Тарбиячыларды да ар тараптуу сынактардын негизинде кабыл алат. Балдарды тарбиялоого бакчанын ички жана сырткы көрүнүштөрүн балдар бакчасы дегендей деңгээлге келтирүү менен үзүрлүү эмгектенет. Андан соң балдар бакчасы өнүгүү жолунда азыркы шартта иштеп жаткан учуру. Коллективтин ынтымакчылыгы талаптагыдай. Өз шартына ылайык бакчада көмөкчү чарба да уюштурулган. Ушул учурда бакчанын көмөкчү чарбасында 30 дай Тоок, бир уй бар. Көмөкчү чарбадан алынган жумуртка, сүт азыктары балдардын тамак ашынын витаминдүүлүгүн жогорулатуу максатында колдонулат.



Бакчада азыркы шартта бардык комплекстүү тарбиялык талаптарга ылайык уюштурулгандыгы шайдоот шайыр иш ыргагынан эле көрүнүп турат. Ушундай шарттарды жаратууда бакчанын азыркы жетекчиси Жумабаева Нурзаттын эмгекчил аракетинин үзүрү десек болчудай. Ал жасалган бардык иштерди учур талабына ылайык мыйзамдуу деңгээлде жүргүзгөнүнүн натыйжасы экендигин көпчүлүк эл жакындан колдоо менен материалдык колдоо да көрсөтүп турушат.

Бакчада балдарды кабыл алуу электрондук кезектин негизинде жүргүзүлөт. Мында кол ийрисине тартат деген терс көрүнүштөр жок. Бакчанын иш алып баруусу жергиликтүү элдин жана айыл аймактык башкаруу администрациясынын көзөмөлүндө болгондуктан терс көрүнүштөрдү болтурбоого шарттар бар десек ашыкчылык эмес.

Эми мындан ары бакча коллективи иш билги жетекчи Нурзат Жумабаева айымдын жол көрсөтүүсүнүн үзүрүндө талапка ылайык иштер "Алия" мектепке чейинки билим берүү балдар бакчасында мындан ары да үзүрлүү улантыла бермекчи.

М. Осмонов